# ГУМАНИТАРДЫК ОКУУ ПРЕДМЕТТЕРИНИН ИНСАНГА БАГЫТТАЛГАН БИЛИМ БЕРҮҮДӨГҮ РОЛУ

# РОЛЬ ГУМАНИТАРНЫХ УЧЕБНЫХ ПРЕДМЕТОВ В ЛИЧНОСТНО ОРИЕНТИРОВАННОМ ОБРАЗОВАНИИ

*Мурзалиева З. К.*
*к.п.н.*
*Кыргызская Академия Образования*

## АТ АТООЧТУ ОКУТУУДА МЕТОДДОРДУ ТАНДООНУН ЖАНА КОЛДОНУУНУН ӨЗГӨЧӨ ЖАГДАЙЛАРЫ

## ОСОБЫЕ УСЛОВИЯ ОТБОРА И ПРИМЕНЕНИЯ МЕТОДОВ В ОБУЧЕНИИ МЕСТОИМЕНИЙ

***Аннотация:*** *Кыргыз тилин окутууда колдонулуучу методдор билим берүүнүн негизи болуп эсептелет. Окутуунун методдору ар түрдүү белгилерине карата классификацияланат. Алардын кээ бирлери активдүү кээ бирлери пассивдүү методдор деп аталат.*

*Активдүү методдорго окуучулардын өз алдынча иштеген иштери кирет. Мисалы, лабораториялык метод, китеп менен иштөө методу. Пассивдүү методго окуучулардын уккандары жана көргөндөрү, мисалы: мугалимдин аңгемеси, лекциясы, түшүндүрүүсү, демонстрациялап көрсөтүү методу жана экскурсия кирет.*

***Аннотация:*** *Методы, используемые при обучении кыргызскому языку, являются основой обучения. Методы обучения классифицируются по различным признакам. Некотрые из них называются активными, некоторые – пассивными.*

*К активным методам относится самостоятельная работа учащихся. Например, лабораторный метод, метод работы с книгой.*

*К пассивным методам относятся услышанное и увиденное учащимися, к примеру: рассказ учителя, лекция, объяснение, метод демонстрационного показа и экскурсия.*

***Abstract:*** *The methods used in teaching the Kyrgyz language, are the basis of learning. Teaching methodAs are classified according to various criteria. Nekotrye are called active, some - passive. For active methods include independent work of students. For example, a laboratory method, with the book. Passive methods are heard and seen by students, for example: the story of a teacher lecture, explanation, the method and the demonstration tour.*

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *Ат атооч сөз түркүмү, кыргыз тили сабагы, методдор, илимий изилдөөлөр, мектеп, мугалим, окутуу, методология, технология.*

***Ключевые слова:*** *Местоимение, урок кыргызкого языка, методы, научные иследования, школа, учитель, методология, технология.*

***Key words****: pronouns lesson kyrgyzkogo language, methods, scientific isledovanija, school, teacher, methodology, technology.*

Мектептерде окутула турган сабактардын жалпы методдору менен бирге ар бир сабактын өзгөчөлүгүнө жараша ар башка жекече методдору бар. Мисалы, химия, физика, математика сабактарында колдонулуучу айрым методдор, методикалык ыкмалар кыргыз тили сабагын окутууда такыр колдонулбайт. Жаратылыштагы чындыкты адам тарабынан таанып билүү бир түрдүү жол менен эмес, ар түрдүү жолдор менен ишке ашат. Кээ бир учурларда илимде мурдатан белгисиз нерселерди илимий изилдөөлөрдүн натыйжасында таанып билебиз.

Айрым учурда оң натыйжага, ийгиликтерге ээ болуу үчүн башка методдорду колдонобуз. Мектептерде окутуунун төмөнкүдөй методдору жана методикалык ыкмалары колдонулат:

1. Мугалим тарабынан оозеки түшүндүрүү методу: *баяндап түшүндүрүү, далилдеп түшүндүрүү, лекция методу.*

2. Суроо-жооп түрүндөгү аңгеме методу: *кайталоо түрүндөгү аңгеме, текшерүү түрүндөгү аңгеме: китеп менен иштөөнүн методикалык ыкмалары, окуу, окуганды айтып берүү, которуу, окуганы боюнча план- конспекти түзүү.*

*Ал эми жазуу иштеринин методикалык ыкмаларына*: диктант, изложение, сочинение, жазуу түрүндөгү ар түрдүү көнүгүүлөр, графикалык сызуулар, схема таблицалар ж.б. байкоо методу (класс боюнча экскурсияга чыгуу).

Окутуунун методдору ар түрдүү белгилерине карата классификацияланат. Алардын кээ бирлери **активдүү** кээ бирлери **пассивдүү методдор** деп аталат.

*Активдүү методдорго* окуучулардын өз алдынча иштеген иштери кирет. Мисалы, лабораториялык метод, китеп менен иштөө методу.

*Пассивдүү методго* окуучулардын уккандары жана көргөндөрү, мисалы: мугалимдин аңгемеси, лекциясы, түшүндүрүүсү, демонстрациялап көрсөтүү методу жана экскурсия кирет. Бирок окутуунун бул методдорун ушундай бөлүштүрүү А.

Ильинанын изилдөөсү боюнча анчалык жеткиликтүү эмес, себеби окутууда бул методдор аң-сезимдүүлүк жана активдүүлүк принциптерин жокко чыгарат, окутуу процессинин теориясына карама-каршы келет. [9] Ошондой эле окутуунун методдорун берүү булактарына жана билим алуунун жолдоруна (мугалимдин сөзүнө байланыштуу, китептерди окуп үйрөнүү, курчап турган чөйрөгө, турмуштук чыгармачылыкка карай, китеп менен иштөө, байкоо, эксперимент, экскурция) карата да бөлүштүрүлөт.

Кийинки учурларда окуучулардын дүйнөнү таанып билүүдө, компетентүүлүк жөндөмүн өнүктүрүүгө карай интерактивдүү технологияларды колдонуу аркылуу окутуу методунун жаңы классификациясы сунуш кылынууда.

Буга биринчи иретте түшүндүрүү-иллюстрациялоо методу кирет. Мында окуучулар топторго бөлүнүп, өз ара талкуу жүргүзүү менен түрдүү ички формалар (айтып берүү, лекция, демонстрациялоо) аркылуу даяр билим алынат. Андан кийинкиси – эвристикалык метод (же болбосо жарым-жартылай изденүү методу). Мында окуучу мугалимдин жетекчилиги астында өз алдынча жаңы билим алынат. Акыркысы изилдөө методу – методдун бул түрү класстан тышкаркы иштерде, класстык сааттарда (эксперимент жүргүзүүдө) колдонулат. Бирок окутуунун методдорунун бул классификациясы кемчиликтерден куру эмес. Анын негизги кемчилиги – бардык методдорду жокко чыгаргандыгы болуп саналат.

Бул жагын эске алып академик Ю.К. Бабанский окутуунун методдорунун үч чоң тобун сунуш кылат. [8]Алардын

**биринчиси – окуу-таанып билүү** чыгармачылыгын уюштуруу жана ишке ашыруу методу.

**Экинчиси – стимулдаштыруу жана мотивациялоо** методу,

**үчүнчүсү – жетектөө жана өзүн өзү жетектөө методу**. Окутуунун методдору жөнүндө айтылган жогорку изилдөөлөрдү эске алып алардын төмөндөгүдөй классификациялоого болот:

1. Жаңы билим алуу. (түшүндүрүү үчүн колдонулуучу методдор).

2. Жаңы билим алуу үчүн жана аларды бышыктоо үчүн көнүгүүлөрдү жана машыгууларды иштеп чыгуу методу.

3. Технологиялык каражаттар менен иштөө методу (компютер, слайддар, ауди-видео көрсөтүүлөр).

4. Өз алдынча иштөө методу.

Жаңы билим алуу үчүн колдонулуучу методдор. Окутуунун бул методуна түшүндүрүү, аңгеме жана лекция кирет.

Түшүндүрүү: окуучулары жаңы билим берүүдө алардын өз алдынча билим алышын уюштурууда мугалим чоң роль ойнойт. Негизинен жаңы билимди окуучулар мугалимдин айтып берүүсү боюнча алышат. Ошондуктан мугалимдин сүйлөгөн сөзү таза, мазмундуу, ыраттуу, ачык, так, далилдүү жана тыянактуу, көрсөтмөлүү болушу керек. Мугалимдин баяндамасында жаңы грамматикалык эрежелерди, аныктамаларды, терминдерди, жаңы сөздөрдүн маанисин түшүндүрүү, окуучулардын суроолоруна жооп берүү, окуу китептериндеги материалдарды толук айтып берүү, программалык материалдардын негизинде окуучулардын аң-сезимин кеңейтүү ж.б. кирет.

Жаңы билимдерди алуу аларды бышыктоо жана машыккандыкты, көнүккөндүктү иштеп чыгуу методу. Окутуунун жогорку методунда (жаңы билимдерди билдирүү максатында) окуучулар негизинен активдүү угуучунун гана милдетин аткарса, окутуунун бул милдетинде окуучулар өз алдыларынча иштөө менен чектелишет: алар мугалимдин суроолоруна жооп беришет (аңгеме методу).

Окуучулар өзүлөрү тажрыйба (эксперимент) жүргүзүшөт, окуу китеби менен иштешет, көнүгүүлөрдүн түрлөрүн аткарышат. Окутуунун бул методуна, эксперимент жана лабораториялык иш, окуу китеби же китеп менен иштөө, **көнүгүү жана оюн методдору** кирет.

Экскурсия**.** Экскурсия дидактикада метод катарында ошондой эле окутууну уюштуруунун формасы катары каралат. Экскурсиянын негизги максаты жаңы билим алуу, же окуучулардын алган билимдерин кайталоо, жалпылаштыруу байланыштуу речин өстүрүү, мындан да эң негиздүүсү изложение, сочинение жаздырууга, алган билимдерин турмушта колдоно алуунун жолдоруна ыктарына үйрөтүү болуп саналат. Экскурсия да жаңы теманы түшүндүрүү үчүн айтып берүү, лекция жана аңгеме методдору колдонулат.

Эксперимент жана лабораториялык иштер. Булар да изилдөөнүн методдоруна кирет да окуучулар өздөрү мурда билбеген үйрөнбөгөн жаңы билимдерди алышат. Бирок, бул методдор экскурсия сыяктуу окуучулардын сабакта алган теориялык билимдерин бышыктоо жана тереңдетүү болуп саналат. Окутуунун лабораториялык методу кыргыз тил сабагында колдонулбайт. Окуу китеби жана китеп менен иштөө методу. Булар да окутуунун методу катарында эсептелет жаңы билим алууга кеңири колдонулат. Мурун мугалим класста түшүндүргөн материалын үйдөн окушуп, окуу китеби менен иштөөнүн ыкмаларына ээ болушкан. Демек, мугалимдик тапшырмасы боюнча окуу китебин окушуп, алган билимдерин жалпылаштырган же болбосо, үйдөн окушуп, алгач билимдерин чыңдашкан. Ал эми азыр окуучуларды ар кандай окуу китептерде окуп өз алдынча билим алууга даярдоонун за-

рылдыгы бышып жетилди, себеби өзү күч жумшап өз алдынча алган билим гана чың жана терең болору мектеп турмушунда аныкталып отурат. Окуучуларды окуу китеби менен натыйжалуу иштөөгө үйрөтүү үчүн аларды машыктырып жана көнүктүрүү керек. Мисалы, кыргыз тилинин окуу китептеринен тышкары орфографиялык сөздүктү, кош тилдүү сөздүктөрдү, түшүндүрмөлүү сөздүктөрдү, кыргыз тилинин справочниктерин ж.б. таблицаларды пайланууну мугалимсиз эле өз алдынча билим алууга үйрөтөт.

Окуу китептерин жана кошумча окулуучу китептерди (адабияттарды) пайдалануунун жолдоруна машыктырат. Аларды жөн гана окубай, мүмкүн болушунча айрым маселелерди, эрежелерди, аныктамларады, мисалдарды, сүйлөмдөрдү атайын ал материалдарды кез-кез кайталап, үйрөнүп турууга жакшы шарттарды түзөт. Окуу китептери жана кошумча окутулуучу китептер менен өз алдынча иштөө окуучулардын билиминин чың жана терең болушуп камсыз кылат.

**Оюн технологиясы.** Кыргыз тилин окутууда колдонулуучу оюн технологиялы башталгыч жана орто мектептериндин V-VII класстарында кеңири колдонулат. Бирок мугалимдер оюнду активдүү өткөрүүнүн методикасына анча маани беришпегендиктен 3-5-мүнөттүк дене тарбиялык кыймылдарды жасоо менен чектелинет. Сабакта колдонулуучу оюн окуу процессин активдештирүүгө окуучулардын таанып билүү жөндөмдүүлүгүн өстүрүүгө эмгекке тарбиялоого, алган билимин тереңдетүүгө, логикалык ойлосун жана ой жүгүртүүсүнө жардам берет.

Оюнду К.Д. Ушинский [12] өз убагында жогору баалап, оюн адамгерчилик сапаттардын бардык жактарын: акыл-эсин, сезимин, эркин калыптандырууга жардам берет. Ал баланын келечек тагдырын жана келечек мүнөзүн алдын ала айтып берет деп айткан. Бирок мугалим кыргыз тил сабагында жөн эле максатсыз оюнду эмес дидактикалык оюнду окутууга жана тарбиялоого жардам берүүчү оюнду колдонот. Окуу процессинде дидактикалык оюнду колдонуу балдардын сабакка болгон кызыгууларын гана өстүрбөстөн, билимди жеңил өздөштүрүүгө жакшы бышыктоого жана кайталоого көнүгүү иштетүү чоң жардам берет. Ошондуктан мугалим кыргыз тили сабактарында оюн жана анын ар кандай түрлөрүнө байланышкан көнүгүүлөрдү туура пайдаланышы керек. Көнүгүүлөрдү аткарууда белгилүү дидактикалык ырааттуулуктун сакталышы чоң мааниге ээ болот. Жаңы өтүлгөн материалды жакшыраак өздөштүрүүгө багытталган көнүгүлөрдөн башталганы жакшы же болбосо жөнөкөйдөн татаалга карай берилген оң. Кээде проблемалык типтеги көнүгүүлөрдү сунуш кылууга болот.

Ага мисал катары, ат атоочторду өздөштүрүүдө чакан текст алынат. Мугалим ат атооч сөздөр көбүрөөк катышкан текстти тандап алып, андагы ат атоочторду алып салып, ордун көп чекит менен белгилейт. Окуучулар тексти окуп, жазып, коюлган көп чекиттин ордуна тиешелүү ат атооч сөздөрдү тиешелүү жөндөмөлөрдө же тиешелүү мүчөлөрдү улап жазуу талабын коёт. Аткарылган тапшырма 1-2 окуучу тарабынан окулуп, калган окуучулар туура, туура эмес экендигине көз салып турушат. Мындай көнүгүү жүргүзүүнүн негизги максаты окуучу тексттен ат атооч сөздөрдү табуу менен гана чектелбестен, алардын сүйлөм түзүүдөгү ордун кызматын үйрөтүү болуп саналат. Экинчи бир ыкма, Мугалим өзү тандап алган текстеги ат атооч сөздөрдү алып салып, алардын ордуна тиешелүү сөздөрдү (зат атооч, сын атооч, сан атооч) коюп, текстти кайра түзүп чыгат. Окуучулар текстти окуп, талдап, аны толук өздөштүргөндөн кийин, андагы мүмкүн болгон сөздөрдү ат атооч сөз менен алмаштырып чыгуулары керек.

Мисал үчүн, “Менин үй бүлөм» деген темадагы чакан текстти алып көрөлү:

*Менин үй бүлөм чоң жана ынтымактуу. Үй-бүлөмдө чоң атам менен чоң энем да жашайт. Чоң атам менен чоң энем ардактуу эс алууда. Атам мугалим болуп иштейт. Ал өз кесибин сүйөт. Апам да мугалим. Апам да өз кесибин жакшы көрөт. Атам менен апамдын мүнөздөрү да окшош. Мен мектепте 6-класста окуйм. Класс-таштарымды дайыма сыйлап, классташтарым менен сыймыктанам.*

*Үйүбүздүн жанында чоң бак бар. Бакта алма, өрүк, жаңгак жана жер жемиштер өсөт. Үй-бүлөбүз менен бакта эс алганды жакшы көрөбүз. Менин түстүү, сүрөттүү китептерим жана журналдарым көп. Китептеримди, журналдарымды чоң атам сатып берген. Сабагымды дайыма түштөн кийин окуйм. Сабакты окугандан кийин телевизор көрөм. Өзүмдүн бөлмөмдө музыка укканды, китеп окуганды жакшы көрөм.*

Ат атоочторду окутууда окуучулардын оозеки маек кебин өстүрүүгө да, маани берүү керек. Окуучулар өз ара маектешүү учурунда ат атоочтордун кайсы түрүн көп колдонула тургандыгына көңүл буруп ат атооч сөздөр катышпаган маектешүүнү элестетүү мүмкүн эместигин билгендей болушун түшүндүрүү зарыл. Мугалим окуучулардын суроо-жооп иретиндеги маек кебин угуп, анын үлгүсүндө ар бир окуучу жазуу түрүндө чакан маек кебин түзүүнү сунуш кылат. Тапшырма аткарылгандан кийин, мугалим карандаш менен сызылып салынган, ат атоочторду колдонбой туруп, маек кебин (текстти) класста үн чыгарып, катуу окуп берүү тапшырылат. Окулган кеп маек такыр түшүнүксүз болуп, таң

калтырып, күлкү келтирерлик деңгээлге түшүп калгандыгын ар бир окуучу аңдап билүүгө тийиш. Тапшырма топтордун ичинен 1-2 окуучусу тарабынын үн чыгарып, жалпы класста окулуп, класста күлкүнү пайда кылып, маек кеп маанисиз байланыш бир нерсеге айланганын толук билдирүүлөрүнө жетишкенден кийин, мугалим жалпы класска төмөнкүдөй суроо менен кайрылат: – Балдар, ат атооч сөздөрдү колдонбой маек курууга, сүйлөшүүгө болот бекен? Силер эмне үчүн болбойт деп ойлойсуңар? Ат атооч сөздөрдүн сүйлөшүүдөгү кызматы эмне экен? Бул суроолор жалпы класска берилип, окуучулар үн чыгарып, өз ара талашып-тартышып, жооп табууга уруксат берилет. Ар бир окуучу өз пикирин, өз түшүнүгүн айтууга, аны талдоого жана коргоого көнүксүн. Эгерде мугалим талаш-тартышты жандуу, кызыктуу кылып, уюштура алса, ага класстагы окуучулар активдүү катышып, өз оюн тартынбай айтууга аракет кылса, мындай сабакта интерактивдүүлүктүн элементтери катышып, сабактын натыйжалуулугу алда канча артат деп ишенебиз. Азыркы учурда кыргыз тилин окутуунун методикасы илимде жана практикада “интерактивдүү” деп аталган методдорду колдонуу тууралуу көп жазылып, көп айтыла баштады. Методикалык эмгектерге талдоо жүргүзүп, окуп-үйрөнүү менен интерактивдүүлүк бул өзүнчө бир метод эмес экендигин, айрым методисттер аны методдордун системасы катары карашса, кээ бир эмгектерде интерактивдүүлүк стратегия деп түшүндүрүшөт. Биз аларга таянуу менен окуучулардын сабак процессиндеги интерактивдүүлүгүн камсыз кылган методдордон турган окутууда азыркы негизги багыты жана талабы катары карап, окутууда колдонууну натыйжалуу деп эсептейбиз. Ошондуктан интерактивдүү технологиялар аркылуу окуучулар ат атоочтордун жалпы грамматикалык мүнөздөмөлөрүн толук өздөштүрүп, бул сөз түркүмүнө кирген сөздөр менен сөз байлыктарын байытып, кепте колдонулушу боюнча жалпы маалыматтарды негиздеп, кийин аларды бышыктоо, жалпылаштыруу учурурунда колдонууну сунуш кылабыз. Анткени интерактивдүү методдор окуучулардын тигил же бул тилдик-кептик көрүнүштөр боюнча белгилүү бир билимдерге ээ болгондон кийин, алар боюнча жеке жыйынтык чыгарып, ал, боюнча жекече көндүмдөргө ээ болууга багытталган методдор. Андай методдордун бири катары “Блумдун ромашкасын” же кластер түздүрүүнү сунуш кылабыз. Окуучулар ат атоочтордун маанисине карай бөлүнүштөрүн көнүгүү иштетүү менен гүл түрүндөгү (Блумдун ромашка гүлү) сүрөт аркылуу көрсөтүү тапшырмасы берилет. Эгерде окуучулар мындай ыкма менен биринчи жолу иштеп жатышса, мугалим түшүндүрмө берип, окуучулардын активдүү катышуусу менен иштешет. Мындан кийинки тапшырмалар да, окуучулар тарабынан жупташып, команда болуп, же парталар боюнча өз алдынча иштешет. Бул иштин алынуучу натыйжасы төмөнкүдөй болушу күтүлөт.

1-сүрөт




Бул сыяктуу ат атоочторго мүнөздүү болгон белгилерди камтыган сүрөттөр окуучулар тарабынан иштелип чыгып, класста талкууланып, такталгандан кийин, дептерге көчүрүлүп жазылат. Бул иш-аракет ат атооч сөздөрдүн маанилик бөлүштөрүн толук өздөштүрүүгө, аларды эсте сактап калууга шарт түзөт. Ошондой эле бул сыяктуу бир нече тапшырмаларды өз алдынча аткаргандан кийин бул сыяктуу иштерди жүргүзүп алган билимдерин системалаштырып, жалпылаштырууга окуучулар көнүгө баштай баштайт. Ошону менен бирге окуучулардын берилген, тапшырманы жекече коллективде чечүүгө болгон көндүмдөрү акырындап иштелип чыгат.

Ошентип биз, ат атоочту окутууда колдонулуучу сабактын активдүү формалаларын иштеп чыгууга аракет жасалды. Бул кыргыз тилинин, анын ичинде ат атоочту өркүндөтүлгөн програм-

манын талаптарына ылайык окутууга, сабактын натыйжалуулугун арттырууга, окуучулардын кызыкчылыгын өстүрүүгө терең билим алууга жардам берет.[13]

Акыркы мезгилде жеке эле кыргыз тили предмети эле эмес, башка предметтердин чыгармачылык менен иштеген мугалимдери интерактивдүү методдорду: дискуссия, ролдук оюндар, иштиктүү оюндар, пресс-конференция, кластер түзүү, «мээге чабуул» ж.б. колдонуп келе жатышат. Бул жерде негизги маселе ар бир мугалим тарабынан өз окуучуларынын өзгөчөлүктөрүнө, сабактын максатына карай шартка ылайыктап методдорду туура тандап алуу.

Окутуу методдорун тандоо критерийлерин Э. Мамбетакунов төмөндөгүчө белгилеген: [1]

• методдун окутуунун мыйзам ченемдерине жана принциптерине ылайык келиши;

• окутуунун максатына жана милдеттерине ылайык келиши;

• өтүлүүчү теманын мазмунуна ылайык келиши;

• окуучулардын курактык өзгөчөлүктөрүнө жана мүмкүнчүлүктөрүнө туура келиши;

• белгиленген убакытка жана анын шарттарына туура келиши;

• методдун тиешелүү илимий-изилдөө методуна шайкеш келиши;

• мугалимдин мүмкүнчүлүктөрүнө туура келиши. [1]

Сөзүбүздүн аягында төмөндөгүчө корутунду жасаар элек: кыргыз тилин окутуунун «улуттук моделин» түзүү жаатында иштөө керек, мамлекеттик стандарт кайра каралып, кыргыз тилин орто мектептерде окутууну жаңылоонун концепциясын иштеп чыгуу – мезгилдин талабы болуп саналат.

**Адабияттар:**

1. Мамбетакунов Э. Методология и качество педагогических исследований. Бишкек-2012. ИЦ «Текник» КГТУ;57-65-76-93.

2. Үсөналиев С. Кыргыз тили [Текст]: жалпы билим берүүчү мектептин 6-кл. үчүн окуу китеби / С. Үсөналиев. – Онд. толук. 3-бас. – Бишкек: Билим компьютер, 2007. – 256 б.

3. Маразыков Т.С. Текст таануу жана анын айрым маселелери: окуу куралы.- Б.:2005-14б.

4. Кыргыз тилинин программасы [Текст]: орто мектептердин 5–11-класстары үчүн – Бишкек: Кыргызстан, 2014. – 76 б.

5. Кыргыз тили сабактарында жүргүзүлүүчү калыптандыруучу баалоо(мугалимдер үчүн практикалык колдонмо) «Сапаттуу билим» долбоору. Бишкек 2012.»Билим» басмаканасы.

6. Лернер И.Я. Содержание межпредметных связей и пути их реализации /Я.И. Лернер /Межпредметные связи в процессе преподавания основ наук в средней школе: Тез. докл. всесоюз. конф., 10-12 окт. 1972. -М., 1972.-Ч. 1.-С. 21-22.

7. Окуп-үйрөнүүдөн күтүлүүчү натыйжалар. (5-9класстар үчүн) «Сапатуу билим» долбоору-2011.5-33-64-70-б.

8. Бабанский Ю.К. Оптимизация - учебно воспитательного процесса. Москва.”1982г. «Просвещение ». 1982г. 50-70ст.

9. Ильина Т.А. Педагогика [Текст]: курс лекций для пед. ин-тов /Т.А.Ильина. – М.: Просвещение, 1984. – 495 с.

10. Сарлыкбекова З.С. ”Кыргыз тилин кырдаалдык негизде окутуу” Бишкек; 2007-ж. 216-бет.

11. Мурзалиева З.К. Орто мектептердин 6-класстарында ат атоочту окутуунун илимий-методикалык негиздери. [илимий изилдөө]